DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-62-304-309
УДК: 82

***Каниметов А.,*** *тарых илимд. канд., доцент*
*a.kanimetov62@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-8050-2407*
***Джумадылова К. Т.,*** *окутуучу*
*dzumadylovakymbat55@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-9857-5237*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ – ДААНЫШМАН ЗАМАНА АКЫНЫ

*Макалада кыргыз элинин даанышманы, замана акыны Арстанбек Буйлаш уулу XIX кылымдын кыргыз коомундагы тарыхый оор кырдаалга өзү күбө болуп, көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрүп келгендиги чагылдырылат. Ал жашаган доордо Кокон хандыгынын алык-салыктары арбып, хандарга каршы жергиликтүү элдин көтөрүлүштөрү көбөйүп, күндөн күнгө карапайым калктын абалы оорлоп бара жаткандыгы берилет. Мындан тышкары, кыргыз урууларынын ич ара чыр-чатактары ырбап, ал акыры бугу–сарыбагыш чатагынын натыйжасында бугу уруусунун Орусиянын карамагына өтүшү менен аяктады. Ошондой эле падышачылыктын оторчул агрардык жер саясаты, орус дыйкандарынын кыргыз аймактарына көчүп келиши, колониялык эзүүнүн башталышы Арстанбектин дооруна дал келип, акын ошол мезгилдин катаал чындыгын тайманбай таасын ырдап, “Тар заман” аттуу поэмасынын жаралышын шарттаган. Макалада мына ушул маселелер талдоого алынган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Арстанбек Буйлаш уулу, даанышман, замана, кыргыз эли, Орусия, Кокон хандыгы, колониялык саясат, Каракол, “Акыр заман”, “Тар заман”, устат.*

***Каниметов А.,*** *канд. истор. наук, доцент*
*a.kanimetov62@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-8050-2407*
***Джумадылова К.,*** *преподаватель*
*dzumadylovakymbat55@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-9857-5237*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

# АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ - МУДРЫЙ ПОЭТ ЭПОХИ

*В статье отражается как мудрый кыргызский поэт своего времени Арстанбек Буйлаш уулу сам был свидетелем тяжелых исторических событий кыргызского общества в XIX веке и лично испытал множество трудностей. Повествуется о том, что при его жизни увеличились налоги Кокандского ханства, участились восстания местного населения против сопротивления ханов, а положение простого народа день ото дня ухудшалось. Кроме того, бушевали внутренние конфликты между кыргызскими племенами, которые в конечном итоге в результате бугу-сарыбагышского конфликта завершились переходом племени бугу в состав России. Также с эпохой Арстанбека совпали жесткая аграрно-земельная политика русских, переселение русских земледельцев в кыргызские регионы и начало колониального гнета. Поэт своей эпохи не смог молчать, он смело воспел суровую правду в своей поэме “Тар заман”. Вышеизложенные обстоятельства анализируются автором в статье.*

***Ключевые слова:*** *Арстанбек Буйлаш уулу, кыргызский народ, государство, Туркестан, Советский Союз, власть, Киргизская АССР, автономия, Центральный комитет, Джети - Суу, ревком, область, съезд.*

**Kanimetov A.**, *cand. of historical sciences, assoc. professor*
*a.kanimetov62@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-8050-2407*
**Dzhumadylova K. T.**, *teacher*
*dzumadylovakymbat55@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-9857-5237*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## ARSTANBEK BUILASH UULU- THE WISEST POET OF ERA

*The article reveals, about life of Arstanbek Builash uulu, the son of the 19th century of Kyrgyz He himself was witnessed of situation and experienced many difficulties. It is said that during his lifetime the taxes of the Kokon Khanate increased, the uprisings of the local population against the resistance of the khans intensified, and the situation of the common people worsened day by day. In addition, internal conflicts raged between the Kyrgyz tribes, which ultimately ended with the transition of the Bugu tribe to Russia as a result of the Bugu-Sarybagysh conflict. Also, the era of Arstanbek coincided with the harsh agrarian and land policy of the kingdom, the resettlement of Russian farmers to the Kyrgyz regions and the beginning of colonial oppression.*

***Knot words:*** *Arstanbek Builash uulu, kyrgyz people, state, Turkestan, Soviet Union power, kyrgyz ASSR, autonomy, Central committee, Jeti - Suu, revolutionary committee, region, congress.*

Улуттук адабиятыбыздын өнүшүндө жана анын калыптанышынын бардык этаптарында акындар поэзиясы негизги орунду ээлейт. Кыргыз акындарынын, анын ичинен “замана” агымынын нарктуу өкүлдөрүнүн чыгармаларын, алардын даанышмандыгын адабиятыбыздын өнүгүү тенденцияларында таамай байкоого болот.

Даанышмандык – акылмандык, ар нерсени билгендик, билимдүүлүк, кеменгерлик, көсөмдүк [1]. Андыктан кыргыздын өткөн замандагы жашоо-турмушу, башынан кечирген турмуштун оош-кыйыштары тууралуу биз кыргыз акындарынын чыгармаларынан кабардар болуп келебиз. XIX кылымдын биринчи чейрегине туура келген акындардын “замана” темасындагы чыгармалары – улуттук адабиятыбызда өзүнчө баскычта турган талашсыз бөлүм. Тарых барактарында XIX кылым көптөгөн апааттуу окуялар менен коштолгондугу маалым. “Замана” агымынын өкүлү Арстанбек Буйлаш уулунун көркөм мурастары эл арасына тараганы менен, бизге толук жеткен эмес. Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына чоң таасир берген – анын башынан өткөргон оор күндөрү, турмуштун запкысы. Арстанбек – чыгармаларынын мааниси жагынан “замана” темасында ырдаган Калыгул Бай уулунан кийинки ири акын. Ал Калыгулдун “Акыр заман” тууралуу ырындагы айтылган ойлорго кошулуу менен, аны турмуштук тарыхый фактылар аркылуу “Тар заман” чыгармасында мазмунун тереңдеткен. “Замана” агымынын көрүнүктүү өкүлү Арстанбек Буйлаш уулуна кыргыз калкы “булбул”деген атак бергени да бекеринен болбосо керек. Арстанбек Буйлаш уулу – XIX кылымда жашаган (1824-1878) кыргыз элинин ак таңдай акыны, жаңы тарыхта кыргыздын этномаданиятына белгилүү салым кошкон тарыхый инсан. Арстанбек Буйлаш уулу турмуштун чындыгын гана ырдаган, кыргыз-казак арасында ага тең келер ырчы болгон эмес. Акын чоң комузчу да болуп, беш жүзгө жакын күүлөрдү черткен.

Кыргыз элинде социалдык-философиялык ойлордун өсүп-өнүгүү тарыхы бир нече мезгилдерге бөлүнөт [2]. Биринчи мезгил – алгачкы общиналык түзүлүштүн бөлүнүшү, таптык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү. Аталган доордун булактары катары табылган археологиялык материалдар, Орхон-Энесай жана Таластан табылган

рун жазуу эстеликтери, Н. Я. Бичурин тарабынан чогултулган кытай тарыхында баяндалган көчүрмөлөр жана кыргыз фольклорунун түрдүү жанрлары жана башкалар эсептелет.

Экинчи мезгил – феодализмдин калыптанып, өсүп-өнүккөн мезгили. Тарыхый жактан алып караганда, Чыгыш Түркстан менен Жети-Суунун аймагында Караханид мамлекетинин түзүлүшү жана исламдын кеңири жайылышына туура келет. Негизги өкүлдөрү болуп Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгари, легендалык кыргыз ойчулдары Толубай, Санчы Сынчы, Асан кайгы саналышат.

Үчүнчү мезгил – Кыргызстан Кокон хандыгы менен Орусиянын империясынын курамына киргенден тартып, Октябрь революциясына чейинки тарыхый оор мезгил. Бул доорлордун коомдук турмушундагы философиялык ойлор залкар инсандар Калыгул, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Жеңижок, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов ж. б. чыгармаларында терең чагылдырылган. Мында революцияга чейинки Кыргызстандагы коомдук ой-пикир адабий-көркөм процесстин курамдуу ажырагыс бөлүгү катары өнүккөн. Биз жогоруда атаган инсандар акындыгы, ырчылыгы, ойчулдугу, көсөмдүгү, жазгычтыгы жана башка сапаттары менен залкарларга гана мүнөздүү касиеттерге ээ болушкан.

Заманчы-акындар Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтын мурастарын окуп үйрөнүүдө А. Какеев, А. Эркебаев, Ы. Мукасов, К. Асаналиев, М. Абдылдаев, Б. Кебекова, О. Сафонов, К. Матиев, С. Байгазиев жана башка окумуштуулар аларды терең изилдешип, илимге баалуу салым кошушту.

Аалым-философ Ы. Мукасов адилет белгилегендей, заманчы-акындардын мурастарындагы карама-каршылыктар алар жашаган доордун татаалдыгы жана карама-каршылыгы, коомдук өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүнө алардын көз караштарынын чектелүү болушу менен шартталган [3]

Арстанбектин жашаган доору, өмүрү эки мамлекеттин: Кокон ордосунун жана Орусия империясынын таасири астында өткөн. Кыргызстан патриархалдык-феодалдык түзүлүштөн капиталисттик мамилелерге акырындап өтө баштаган жаңы доор келген. Колониялык саясат менен коштолгон таптык жана диний эзүүгө эми улуттук эзүү кошулуп, элдин укугу, адам укугу тескелбей, карапайым элдин жашоосу азап чегип, адамды кыстаган, тарыткан заман орной баштайт.

Арстанбек көп кырдуу талант экендигин анын көп жанрда ыр чыгарганынан, анын ырларынын эл оозунда кеңири тарагандыгынан улам билүүгө болот. Ал көркөм сөздүн болуп көрбөгөндөй устаты болгон, ошону менен катар мыкты обончу да болуп, ырларын жанрына жараштыра түркүн обонго салып ырдаган. Арстанбек ырчылыкты да, комузчулукту да бирдей алып жүргөн. Бул эки өнөр боюнча алдына киши салбаган өнөрпоз экени эл оозунда даңазаланып айтылып келет [4].

Арстанбек ырчы катары 16 жашында тааныла баштаган. Кокон төбөлдөрүнүн иш-аракеттери атасы Буйлашты, башка Тынымсейит билермандарын ордого айдатып кеткен. Бул учурда Арстанбек жөн жатпастан, алардын артынан барып ырдап, көпчүлүктүн назарына толуп, атасын жана башка манаптарды куткаргандыгы залкар талант экендигин тастыктайт. Ал Фергана тарапта бир жылга жакын жүрүп, Наманган, Анжиянды аралап, көптөгөн ырчы, комузчулар менен беттешип ырдаган. Ал өзүнүн жергесине чоң ырчы катары таанылып кайткан. Ал Кокон бийлигинин карапайым элге карата жүргүзгөн адилетсиздигине күбө болгон. Кокон хандыгынын мезгилинде мыйзамсыздык, зордук-зомбулук өкүм сүрүп, элдин наразычылыгы күчөгөн эле.

Кокондук сарбаздар эч себепсиз кыргыз айылдарын талап-тоноп, кыргыздын кыз-келиндерин барымтага алышып, элге кордук көрсөтүп, каршылык көрсөткөн кыргыздарды өлтүрүп коюп турушкан. Кокон хандыгында, айрыкча, Кудаяр хандын

заманында алык-салыктын саны арбып, өлчөмү өскөн. Кудаяр хан өзүнүн бийлигинин акыркы жылдарында казынасын байлыкка толтуруу үчүн, алык-салыктын көптөгөн түрүн ойлоп тапкан. Калк салыктын 20дан ашык түрүн төлөп турган. Маселен, мал салыгы, соода-сатык салыгы жана башка салыктар алынчу, чычырканак кыркканда, куурай чогултканда, тезек тергенде да салык төлөнчү. Кыргыздар үчүн, өзгөчө, малдан алынчу зекет өтө оорлоп, ал мурдагыдан үч-төрт эсе көп алына баштаган [5]. Мына ушундай элдин оор абалын акын ырларында таамай чагылдырат:

Тегереги кыргыздын
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Көчмөндүү биздин кыргыз эл,
Көк чапан сыртка кор болду, - деп элдин санаасын санап, калайык калк деп кабатырланып, журттун тагдырын ойлогон [6].

Түндүк кыргыздардын турмушундагы тарыхый окуялардын бири болгон бугу менен сарыбагыштын урушу да Арстанбектин чыгармаларында чоң из калтырган. Айрыкча, Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин анын уруулаштары тарабынан бугулар катуу кысмакка алынып, калк чабылып, туш-тушка көчкөндө бугулардын турмуш акыбалын сүрөттөп, уруу башчыларын бийлик-мансаптын айынан эки тараптын элин кан төгүүгө жол бербей, эки урууну ынтымакташтырууга чакыруу айрым ырларынан белгилүү.

Ошондой эле орус падышачылыгынын Кыргызстанда жүргүзгөн колониялык саясаты да анын чыгармаларында орун алган. Акындын баамдоо жөндөмү, чеберчилиги ушул тарыхый кырдаалды баяндоодо ачык көрүнөт:

Өңү сары, көзү көк,
Орус келе жатыры,
Узун чөптүн баарысын
Оруп келе жатыры,
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келе жатыры.
Тайган иттей такымдап, - деп эл башына өтө кыйын заман келатканын көрөгөчтүк менен ырдаган экен Арстанбек [7].

Мындай тарыхый окуяга күбө болгон Арстанбектин төмөнкү ыр саптарын карап көрөлү:

Капкайдагы чогулуп,
Калаа болдуң, Каракол.
Калың журттун башына,
Балаа болдуң, Каракол
Ногой алды оюңду,
Орус алды боюңду
Күндө салды оюнду [8]. Бул келтирилген үзүндү ыр саптарында кыргыз элинин Орусиянын катарына каратылуу мезгилиндеги кыргыз айылдарынын башына түшкөн кыйын кырдаалды акын өтө даанышмандык менен ырдаган.

Орус падышачылыгынын үстөмдүгү доорунда Арстанбек ошол замандын катаал чындыгын тайманбай таасын ырдап, “Тар заман” аттуу поэмасын жараткан. Арстанбектин чыгармачылыгын биринчи колго алып изилдеген – кыргыздын алгачкы адабиятчыларынын бири Тазабек Саманчин. Ал акындын ырларын бир нече жолу уккан айтылуу Талип Молдонун айтканын жазат. Аңгемени өз оозунан уккан Талип Байболот уулу Арстанбекке алгач Соң-Көлдө жолугуп, анын “Тар заманды” аткарып

жаткан мезгилин сүрөттөгөн. Анда кары-жаш дебей жалпы эл Арстанбекти бирде ыйлап, бирде күлүп укканын жазган. Кара нөшөр жамгырга карабай, үйдөн орун тийбей, тышка отургандар кементай жамынышып уга беришкенин, Арстанбек ырын бирде ошол кара жамгырдын нөшөрүндөй төгүп, бирде чайыттай ачык асмандай тийген күндүн илебиндей ыры менен элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм киргизди дейт. Жыйылган эл Арстанбектин ырын угуп отура берип, өрүштөгү мал эстеринен чыгып кетсе керек. Арстанбек ырын токтотуп: “Кеч кирди, эми малыңарды тейлеп алгыла”, - деген кезде гана эстерине келип тароого башталды, - деп эскерген экен [9].

Арстанбектин “Тар заман” ырына күбө болгон Талип молдонун өз аты – Жыргалбай Байболот уулу. Ал 1849-жылы Ысык-Көлдүн азыркы Жети-Өгүз районундагы Чырак айылында туулган. 1948-жылы ошол жерде дүйнөдөн кайткан. Ал жаш кезинде соодагерлер менен Анжиянга келип, андан Самаркандга барып билим алып, Бухарага келип араб, перс тилдерин үйрөнгөн. Бухара динчилери Жыргалбайдын ислам окууларын терең өздөштүргөнүнө баа берип, ага “Абу Муталиб” (арабча “изилдөөнүн атасы”) деген ат беришет. Кыргызда ал Талип молдо аталып кеткен. Караколдогу билимдүү татарлар, орустар менен мамиле түзүп, алардын тилдерин өздөштүргөн. Кыргыз элинин тарыхын, үрп-адатын, оозеки чыгармачылыгын, санжырасын жыйнап, аларды изилдеген. Белгилей кетсек, Арстанбектин замандашы Талип Молдонун маалыматтары чындыкка жакын жана аргументтүү [10, 188-б.].

Арстанбек жашоосунда, маданий, саясий заманчыл жана философиялык темада өтө көп чыгармаларды жаратса дагы, толугу менен бизге жетпей, анын өмүрүнүн экинчи жарымындагы айрым гана чыгармалары ооздон-оозго өткөндө кээ бир өзгөрүүлөр менен келип жеткен [10, 189-б.].

Совет бийлигинин доорунда Арстанбектин чыгармалары идеологиялык жактан зыяндуу деп эсептелип, “кара сандыкка” жабылып, пайдаланууга тыюу салынган болчу. Саясий кысымга карабастан, Кабай Абдрахман уулу тарабынан чогултулган Арстанбектин бир топ орчундуу поэтикалык мурастары 60 жыл бою жашырылып, көмүлгөн бойдон жатып, 1922-жылы кош айдоо учурунда капысынан табылган. Демократиянын заманында улуу акындын мурастары калайык-калкка кайтып келди. Анын негизги чыгармалары “Терме”, “Керээз”, “Санат”, “Тар Заман”, “Каңтарбай менен айтышы”, “Сүйүнбай менен айтышы” “Жеңижок менен учурашуу ыры”, “Арман” жана башкалар эсептелет [10, 189-б.].

Арстанбек кыргыз коомчулугунун кыйын кезинде өмүр сүрүп, анын чыгармачылыгында калктын турмуш-тиричилиги, социалдык ал-абалы негизги темада болуп, элдин жүрөгүнө өтүп, көңүлүн чөгөрүп тынчсыздандырган орчундуу маселелер алда канча реалдуу чагылдырылган. Кокон бийлиги, падыша өкмөтүнүн колониялык саясаты, бугу менен сарыбагыш урууларынын ортосундагы чыр-чатагы да акынды кайдыгер калтырган эмес.

Акындын доорунда Кокон хандыгынын мамлекеттик бийлиги кыргыз жергесине да кеңири жайылып, Кыргызстандын аймагында алардын чептери курулуп, аларга өздөрүнүн башкаруучуларын дайындап, элден жайылган азык-түлүктүн түрү чексиз көбөйгөн. Каршылык кылгандарды зынданга салып, өлүм жазасын кеңири колдонуп, калкты өтө катаалдык менен бийлешкен. Мына ушуларга ээни кейип, жаны ачыган Арстанбек Кокон бийлөөчүлөрүнүн Караколго келип, сайран кургандыгына жаны күйүп, көөдөнүнө батпай турган ачуу ызасын, ордого болгон жек көрүүсүн төмөнкү төрт сап ырга батырып кеткен:

Кокондук алды көлүңдү,
Кокуйлатты элинди,
Көлдүн башын сарт алды,

Көкүрөктү дарт алды [11].

Арстанбек акын өз заманында эл ичинен адилет, калыс, акылман башчыларды көрсө, чын ниетинен кубанган жана өзүнүн этикалык чен-өлчөмдөрүнө туура келгендиги үчүн андайларды урматтап, ырга салып даңазалаган. Мына ошондой калыс, элге карамдуу даанышман башчылардын бири XIX кылымдагы бий Боромбай Бекмурат уулу болгон экен. Бий Боромбайды “Калыс сөздү айтайын, көлдө сүзчү кеме элең, калк коргогон эр элең. Саябандуу бак элең, салтанаттуу жан элең”, - деп даңазалаган акын. Арстанбектин оюу боюнча, мыкты башчы эли үчүн саябандуу бакка окшош.

Кыргыздардын дагы бир белгилүү акыны Калыгул “Акыр заман” деп ашкере диний ой жүгүртүү менен орто кылымдагы улуу ырчылардын салтын улап ырдаса, Арстанбек Калыгулдун ой жүгүртүүсүнө, турмуш чындыгына таянып, замандын оорчулугун, адилетсиздигин кошуп ырдап, орто кылымда пайда болгон “Акыр заман” деген түшүнүккө коомдук өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алып, “Тар заман” деген мотив-маани киргизет. Арстанбектин “Тар заманында” Калыгулдун идеялары сугарылган, бирок заман көйгөйлөрү жөнүндө акындын өзүнүн ой жүгүртүүсү менен жаралган социалдык мүнөздөгү ыр болуп саналат. Ал – Арстанбектин гана эмес, бүткүл кыргыз поэзиясынын тарыхында жаралган гуманисттик мазмундагы ыр. Андан Арстанбектин заманга, өз мезгилине наразылыгын да, кыргыз элин ойлоо сезимин да көрө алабыз.

Арстанбек айтыш өнөрүнүн ири устаты болуп, чыгармачылык багыты жагынан нускоочу ырчылардын тобуна кирет. Ал кошок, арман, санат, терме, керээз, ар кыл темадагы ырлар, поэмаларды жараткан. “Төштүк”, “Кожожаш”, “Чоро”, “Бердикожо жалгызым”, “Беш казан” сыяктуу эпос-поэмаларды, “Көкөтайдын ашын” чебер аткарган дешет. Бирок бул чыгармалардын биринин да тексти бизге жеткен эмес. Арстанбек акындык менен комузчулукту бирдей алып жүрүп, өз мезгилинде 500гө жакын күү черткен. Кыргыз элинин тарыхында Арстанбектин мурасы чоң из калтырган, өз чыгармачылыгы менен замандаш жана кийинки кыргыз төкмө акындарына жана күүлөрүнө зор таасирин тийгизген.

Жыйынтыктап айтканда, даанышман залкар акыныбыз Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларынын касиети, мааниси акындын өзү жашаган доордун орчундуу коомдук- саясий мамилелерин, элдин оор турмушун, ой-максаты менен тилегин, үмүтүн чыгармаларында чагылдырып бере алганында.

**Адабияттар**:

1. Арстанбек / Түзгөн: Б. Кебекова. - Бишкек, 1994. -103-б.
2. Арстанбек Буйлаш уулу // Wikipedia, Org|wiki
3. Белимов, А. История философии / А. Белимов, А. К. Бектенова, Г. Т. Ботоканова, Б. Сыдыков, М. Эдилова. - Бишкек, 2002. - С. 86-95.
4. Ирисов, П. Ырчылар чыгармачылыгы / П. Ирисов. - Бишкек, 2004.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 5-том / А. Акматалиевдин редакциясы астында. - Бишкек, 2002.
6. Кыргыз эл ырчылары / Түзгөн: Б. Кебекова. - Бишкек, 1994. - 36-б.
7. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. - Фрунзе: Мектеп, 1984. - т.1. - 229-б
8. Кыргыз адабияты : Энциклопедия окуу куралы. - Бишкек, 2004.
9. Каниметов, А. Г. Арстанбек Буйлаш уулу – заман акыны / А. Г. Каниметов // “Тарых жана мурас” түймөгү. - Бишкек, 2014. - 85-б.
10. Мукасов, Ы. М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы / Ы. М. Мукасов. - Бишкек, 2004. -188-б.
11. Осмонов, Ө. Ж. Кыргызстандын тарыхы / Ө. Ж. Осмонов, А. Асанканов // Library/knau/kg|index/